**02-001-2023-012425 сандуу тергөөгө чейинки материал боюнча**
**МААЛЫМАТ**

2023-жылдын 28-май күнү саат 00:20 чамасында Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин нөөмөт бөлүмүнө, Бишкек ШИИББнын 102 ыкчам кызматынан, 0500590590 сандуу абоненттик номери менен, Бишкек шаарынын Ак-Өргө жаңы конушунун Омуракунова жана Жетиген көчөлөрүнүн кесилишиндеги **“Алтынай” аттуу кафесинде,** расмий тилде “АКТИВИСТЫ РАЗДАЮТ ДЕНЬГИ ЗА ГОЛОСА В ПОЛЬЗУ КАНДИДАТА З.НИЯЗАЛИЕВОЙ, ИМЕЕТСЯ ВИДЕО”, - деген чакыруу түшкөн.

Аталган дареке Бишкек шаарынын Ленин РИИБдин ыкчам-тергөө тобу барган учурда аталган кафенин ичинде, Бишкек шаарынын тургуну, жаран Арыкбаева Венера Сагынбековна, Токторбаева Кызжибек Жамытовна жана Мыктыбаева Света Мыктыбаевна болуп столдо отургандары аныкталган, столдун үстүндө 2023-жылдын 28-майында мөөнөтүнөн мурда өтө турган Бишкек шаарынын Ленин райондук аймактагы Кыргыз Республикасынын Жоргоку Кенешинин депутатына талапкер “Дамира Ниязалиева” аттуу айымдын агитациялык карточкалары турганы аныкталган. Андан сырткары окуя болгон жерди кароо протоколу тузүлүп, анда кафенин ичиндеги видеотасманын 2023-жылдын 27-майында саат 20:00 дон 00:00 го чейинки аралыктагы көчүрмөсү алынган жана жогорудагы аталган столдун үстүндөгү депутаттыка талапкер “Дамира Ниязалиева” аттуу айымдык агитациялык карточкалары 106 даана алынган.

Аталган айымдарды сыртынан кароо протоколу тузүлуп, анда жаран Арыкбаева В.С. өз калоосу менен 19700 сом акчасын өткөрүп берген. К.Токторбаева жана С.Мыктыбваены кароодо эч кандай буюм зат чыккан эмес.

Аталган маалымат кылмыштарды бирдиктүү реестирине 02-001-2023-012425 саны менен катталып тергөөгө чейинки териштирүү иштери башталаган.

Окуя боюнча суралган жогоруда аталган жарандар, талапкер Дамира Ниязалиеванын үгүттөөчүлөрү эместигин, эч кимдин добушун сатып албагандыгын. Аталган кафеде эс алып жүргөндүгү тууралуу көрсөтмө берген.

Талапкер Дамира Ниязалиеванын мыйзамдуу өкүлү У.Сарыбаев В.Арыкбаева, К.Токторбаева, С.Мыктыбаева талапкер Дамира Ниязалиеванын үгүтөөчүлөрү же өкүлдөрү болбогондугу тууралуу ырастаган.

28.05.2023-жылы кыска мөөнөттө чогултулган материалдарды карап чыгып тергөөчү Э.М. Мелисова тараптан кылмыш ишин козгоодон баш тартуу боюнча токтом чыгарылган.

28.05.2023-жылы Бишкек шаарынын Ленин районунун прокуратура тарабынан кабыл алынган чечим мыйзамдуу экендиги тууграсында тактама түзүлгөн.

29.05.2023-жылы Бишкек шаарынын Ленин РИИБнин ТКты тарабынан, Э.Мелисова тараптан чыгарылган чечим, убакыттын тардыгынан чогултулган материалдар толук эмес болбогондуктан, каттын жана өтүнүчтүн негизинде,

28.05.2023-жылы аталган тергөөгө чейинки материал боюнча чечим жокко чыгарылып, териштирүү иштери улантылган.

Окуя боюнча суралган, Арыкбаева Венеранын телефонондундагы тизмедеги жарандар, төмөндөгүчө көрсөтмөлөрдү берген, алар Венерага үгүттөөчү болуп иштейин деп жатып, бирок иштебей калгандыгын айткан. Ошол себептен толук фамилия аты жөнүн, туулган ай жылын, кайсыл жерде каттоосу тууралуу маалымат сураган. Баардыгы кошуна жана Венеранын күйөсү Рустам менен Оганстанда биргеликте кызмат өтөгөн жарандардын үй-бүлөөлөрү экендиги такталган. Аларга эч ким, добуш берүү үчүн акча каражат же башка баалулук сунушталбаганын, Венерага же Рустамга паспорт маалыматын берилбегендиги тууралуу көрсөтмө беришкен.

Бишкек ШИИББнын 102 ыкчам кызматында 0500590590 абоненттик номердин ээси, жаран Мусаев Талант 2023-жылдын 27-май күнү, түн ичинде, кайсыл бир бейтааныш бала келип, чалып алуусун суранган. Ал макул болуп телефонун берген. Кимге чалып жатканын билген эмес, бирок 102 милиция кызматына чалып, кимдир бирөө акча каражат таратаып жаткандыгы боюнча айтып, телефонду кою койгон. Ал адамды таанибагандыгын билдирген.

12.06.2023-жылы тергөөчү Э.М. Мелисова тараптан Кыргыз Республикасынын 27 беренени 2-пунктун негизинде жосунда кылмыштынн курамы болбогондугуна байланыштуу кылмыш ишин козгоодон баш тартуу боюнча токтом чыгарылган.

Кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү үчүн тергөө чейинки материал Бишкек шаарынын Ленин районунун прокуратурасына жөнөтүлгөн.

**Бишкек шаарынын Ленин РИИБнүн Тергөө кызматы.**